КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
ЛЕНИН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
ЛЕНИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024 жыл, 05-февраль № 177/39-XXVIII Ленин а.

**Ленин айыл аймагындагы мектепке чейинки мекемелердин тарбияланууччуларына ата-энелердин салымдарын бекитүү жөнүндө**

Бюджет, финансы, ишкердүүлүк, муниципалдык менчик жана ТЖКЧ боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы К. С. Кымыналиевдин маалыматын угуп жана талкуулап, мектепке чейинки мекеменин башчысы З.У.Састанованын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Мыкан айылындагы "Бобокжай" балдар бакчасынын тарбиялануучуларынын тамактануусу үчүн ата-энелердин салымдарын кароо жөнүндө берген арызынын негизинде , Ленин айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Ленин айыл аймагында жайгашкан Мыкан айылындагы "Бөбөкжай" мектепке чейинки мекемесинде балдардын тамактануусу үчүн ата-энелердин салымдарынын акча каражаттары 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ленин айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н. Аалиевге жүктөлсүн.

**Ленин айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **Т.Т.Айтиев**

Ленин айылдык кеңешинин
05-Февраль, 2024-жыл.
№177/39-XXVIII токтомуна
№1 тиркеме

**Ленин айыл аймагында бала бакчалардын тарбиялануучуларынын тамактануусу үчүн ата-энелердин салымынын ставкалары**

| № | Мектепке чейин мекеменин аталышы | Бир ай үчүн акы төлөө | Бир жыл үчүн акы төлөө |
|---|---|---|---|
| 1. | Мыкан айылы "Бөбөкжай" бала бакчасы | 1650с. | 19800с. |

Төрага Айтиев Т.Т.